**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЧҮЙ ОБЛАСТЫ**
**СОКУЛУК РАЙОНУ**
**ОРОК АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**
**724808,Жал айылы Гагарин көчөсү**
**Тел: 0 (3134) 70-16-6, 70-30-2**
**Факс: (0312) 88-12-04, л/с 4403051001001438**
**эл.почта:orokskiymestnyy.kenesh@mail.ru**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**СОКУЛУКСКИЙ РАЙОН**
**ОРОКСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**724808,с.Джал ул.Гагарина б/н**
**Тел: 0 (3134) 70-16-6, 70-30-2**
**Факс: (0312) 88-12-04, л/с4403051001001438**
**эл.почта:orokskiymestnyy.kenesh@mail.ru**

**2023-жыл 28- сентябрь** **№ 9/6** **Жал а.**

**ТОКТОМ** **ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**«Элдик курултайдын делегаттарын шайлоо боюнча ишти координациялоо жана уюштуруу комитетин бекитүү жөнүндө»**

Орок айылдык кеңешинин кезектүү сессиясы, Орок айыл өкмөтүнүн башчысы А.К.Адылбековдун Орок айыл аймагында «Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо боюнча ишти координациялоо боюнча уюштуруу комитетин бекитүү жөнүндө» кайрылуусун угуп жана талкуулап, Орок айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1.Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылыдын 29-августундагы ПЖ № 215 «Элдик Курултайды өткөрүү жөнүндө» Жарлыгын аткаруу максатында, Орок айыл аймагында Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо боюнча ишти координациялоо боюнча уюштуруу комитети Орок айылдык кеңешинин депутаттарынын, Орок айыл өкмөтүнүн кызматкерлеринин, жарандык коомдун жана коомдук уюмдардын өкүлдөрүнөн бекитилсин.

2. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылыдын 29-августундагы ПЖ № 215 Жарлыгына ылайык Элдик Курултайды өткөрүү жана делегаттарды шайлоо боюнча ишти координациялоо боюнча уюштуруу комитети жөнүндө убактулуу жобонун негизинде иш жүргүзүлсүн.

3. Бул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө мыйзамына ылайык www.gamsumo.gov.kg сайтына жарыялансын.

4. Токтом мамлекеттик тилде гана кабыл алынды.

5. Бул токтомдун аткарылышы Орок айыл өкмөтүнүн башчысы А.К.Адылбековго жүктөлсүн.

6. Бул чечимдин аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырам.

**Орок айылдык кенешинин төрагасы** **У. Бекболотов**